Изилдөөчү Карабаева Кипариза Нурдиновнанын “Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын орду жана ролу (1991-2021жылдар)” деген темада , тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 07.00.02. шифри “Ата мекен тарыхы” адистигине ылайык жазылган кандидаттык диссертациялык эмгегине

**Изилдөөчүнүн илимий жетекчиси, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор Ө.Ж.Осмоновдун**

**ПИКИРИ**

Карабаева Кипариза Нурдиновнанын тарабынан изилденген “Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын орду жана ролу (1991-2021жылдар)” деп аталган диссертациялык тема актуалдуу тема болуп саналат.

Дүйнөдөгү болуп жаткан ааламдашуу процесси Кыргызстандын саясий, социалдык жана экономикалык чөйрөлөрүндө трансформация процессин жаратты. Ааламдашуу доорунда эл аралык коомчулуктан сырт эч бир мамлекет өз алдынча саясат жүргүзүп, өз алдынча өнүгө албастыгы белгилүү. Кыргызстан кызматташтыкта эл аралык коомчулук менен тыгыз байланышта иш алып баруу менен гана ааламдашуунун геосаясий турбуленттигине туруштук бере алат. 1991-2021-жылдары Кыргызстандын коомдук турмушундагы трансформация процесси калктын бардык катмарларына жана социалдык топторуна өзгөрүүлөрдү алып келип, анын ичинде аялдардын да коомдогу абалын жана ролун бир кыйла өзгөрткөн. Доорлор алмашкан убактагы трансформациялар аялдарды өзгөрүүгө дуушар кылган. Аялдар алгач 1917-жылы чоң трансформацияга туш болушса, экинчи ирээт 1990-жылдары жүргүзүлгөн экономикалык реформалардын негизинде оор сыноого кезиккен.

Эгемендик жылдарында аялдар экономикалык, социалдык-саясий жана руханий чөйрөдөгү жаңылануу процесстеринде жигердүүлүктөрүн көрсөтүшкөн. Аялдардын коомдогу статусунун өзгөрүшү менен байланышкан

көйгөйлөрдү, бул топту социалдык жактан коргоо, анын рыноктук шарттарга ыңгайлашуу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө актуалдуу маселе экендиги талашсыз. Бүткүл дүйнөлүк интеграция процессинде аялдардын коомдук турмуштагы ээлеген орду жана ролу өзгөрүүгө дуушар болгон.

Изилдөөчү эмгегинде Кыргызстандын 1991-2021жылдардагы коомдук турмушундагы аялдардын өнөр жай, айыл чарба, социалдык-маданий, жарандык коомдогу абалын жана ролун белгилөөчү шарттарды, тенденцияларды жана закон ченемдүүлүктөрдү изилдеп, эгемендүү жылдары аялдардын экономикадагы, социалдык, саясий турмуштагы ээлеген абалын жана ролун талдап көрсөтүүгө аракет жасаган.

Эмгектин библиографиялык базасы кенен. Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын орду жана ролу (1991-2021жылдардагы) заманбап Кыргыз тарыхнаамасында диссертациялык деңгээлде биринчи жолу комплекстүү изилдеп, талдоого алып, системага салган. Изилдөөчү илимий изилдөөнүн тарыхнаамасын 3 топко: тарых багытындагы, философиялык социологиялык, политологиялык багыттагы эмгектер, экономикага арналган эмгектер деп бөлүп карап, аларга кыскача мүнөздөмө берген.

Изилдөөчү Кыргызстандык окумуштуулардан тышкары чет элдик окумуштуулардын эмгектерине да кайрылган. Ааламдашуу процессинин, дүйнөлүк экономиканын, саясаттын Кыргызстанга тийгизген таасирин аныктоодо чет өлкөлүк жана Россиялык окумуштуулардын эмгектерин да колдонгон. Ал эмгектерде Советтер союзунун тарашы, советтик системанын кулашы менен, илимий позициялардын плюрализмине жол ачылып, коомдогу өзгөрүүлөрдү ар түрдүү көз караштарда кароого шарт түзүлүп, көп багыттуу жаңы ракурстан анализ жасаган көз караштар чагылдырылган.

Эмгекте алгачкы эгемендүү жылдары Кыргызстанда трансулуттук корпорациялары болгон ПЕСАК жана АПЕАК программаларынын каржылоосунун негизинде өнөр жайын, айыл чарбасын менчиктештирүүнүн натыйжасында экономиканын трансформациялануу процессинде аялдардын абалы изилденген. Экономикалык реформа жүргөн жылдары аялдар арасында

ишканаларды, кооперативдерди, соода уюмдарын жана тигүү тармагын башкаруучу жигердүү ишкер жана менчик ээлеринин жаңы катмарлары, рынок экономикасынын жаңы кесиби болгон «челнокчу» аялдардын ишмердиги талданган.

Изилдөөчү аялдарды кулчулукка сатуучу трансулуттук соода Орто Азия өлкөлөрү үчүн салыштырмалуу жаңы көрүнүш катары талдап, Кыргыз Республикасы кулчулук, эмгек жана жыныстык эксплуатациялоо максатында адамдарды сатуунун келип чыкан, транзиттик жана бара турган өлкөсү да болуп бара жатканын көрсөткөн.

Эмгекте Кыргызстандагы өкмөттүк эмес уюмдардын көпчүлүгүн аялдар түзүшкөнү, алардын түзүлүшүнө трансулуттук корпорациялар эл аралык жана донордук уюмдар аркылуу көмөкчү болушканы белгиленген. Рынок экономикасынын шартына байланыштуу жумушсуздуктун, жакырчылыктын деңгээлинин жогорулашы аялдардын айрым социалдык, саясий активдүүлүгүнүн өзгөрүшүн шарттаганы аныкталган.

Изилдөөчү коомдун трансформациялануу учурундагы үй- бүлөдөгү зомбулуктун күч алышын, нике курагына жете элек жаш кыздарга нике кыюуну, жашы жете элек кыздардын эрте эне болуу феномени пайда болгонун белгилеп, өзгөчө жашыруун латенттүү мүнөздөгү секелек кыздардын зордукталышын, кыз ала качуунун көбөйүшүнө таасир этүүчү факторлорду талдоого алган.

Изилдөөчү белгилегендей, ааламдашуу процесси түзгөн катаал социалдык-маданий, саясий, экономикалык жагдайлардан чыгуу жолдорун, мында аялдардын орду менен ролун терең талдап, жаңы изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн жасаган аракети учур талабы.

Эмгектин максаты жана милдеттери коюлган, теориялык жана практикалык мааниси аныкталып, негизделген жыйынтыктар жана сунуштар берилген.

Тарых бул – өткөндүн жакшысынан үлгү, каталардан сабак ала турган улуу мектеп. Андыктан, изилдөөчү тарыхый контексти талдап, анализ жасап,

салыштырып, сынчыл ой жүгүртүп, аргументтерге таянып илимий позициясын билдирген.

Жогорудагы айтылгандарга таянып, изилдөөчү Карабаева Кипариза Нурдиновнанын “Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын орду жана ролу (1991-2021жылдар)” деген темада, тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 07.00.02. шифри “Ата мекен тарыхы” адистигине ылайык жазылган кандидаттык диссертациялык иши Жогорку аттестациялык комиссиянын талабына жооп берет, деп эсептейм жана Диссертациялык кеңешке каттоого кабыл алууга жана коргоого сунуштайм.

**КР УИАнын корреспондент-мүчөсү,**
**тарых илимдеринин доктору, профессор** **Ө.Ж.Осмонов**

КАДРЛАР ЖАНА ИШ КАГАЗДАРЫН БАШКАРУУ БӨЛҮМҮ

Подпись Ө.Дж-Осмоновдун кол тамгасын тастыктайм заверяю.
Нач. отдела кадров
“ ” 20 г.